**АЛЫБАЕВ А.М.**
*к.ф-м.н., доц.,*
*ИЭиФ*

# ОКУТУУНУН БОЛОН ПРОЦЕССИНЕ ОТУУДОГУ МАТЕРИАЛДЫК, МОРАЛДЫК ЖАНА ТИЛ МАСЕЛЕЛЕРИНИН КЫЙЫНЧЫЛЫКТАРЫ

Былтыркы окуу жылынан баштап Кыргыз өкмөтүнүн токтому токулуп, Кыргызстандын бардык жогорку окуу жайлары каалайбы же каалабайбы Болон процессинин принциптерине негизделген окутуу формасына өтүштү. Мунун канчалык туура же туура эмес экендигин шарт эле айтуу мүмкүн эмес. Баарын убакыт таразалайт. Мени таңгалдырганы: бүтүндөй бир улуттун келечегине таасир берүүчү окутуу формасынын буйрук менен өзгөртүлүшү. Эмне үчүн бул маселе көпчүлүктүн талкуусуна коюлган жок. Эмне үчүн бул процесске керектүү материалдык даярдыктар көрүлгөн жок. Мына Болон процессине өткөнүбүзгө бир жылдан ашык убакыт өттү, бирок ага тиешелүү көзгө көрүнөрлүк иштердин аткарылгандыгын көрө элекпиз. Бардык оордук дагы эле мугалимдерге жүктөлүп жатат. Жаңы мамлекеттик стандарттарга төп келген иш кагаздарды түзүү оңой олтоң эмес. Бул үчүн абдан көп убакыт талап кылынат. Ошону менен бирге жаңы жумушчу пландарга тийиштүү окуу китептерин, алардын электрондук варианттарын, окуу–методикалык куралдарды ж.б.у.с. иштеп чыгуу үчүн өтө көп убакыт жана каражаттар керек. Ал эми азыркы мугалимдерге убакыт дагы каражат дагы тартыш болуп турган чак. Анткени айлык маянанын аздыгынан көпчүлүк мугалимдер 2 ставкага барабар сабактарды өтүшүүдө. Анан кантип материалдык базанын чыңдалышына сапаттуу салым кошо алышат. Ошондуктан бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн комплекстүү мамиле кылуу абзел.

Комплекстүү мамиле деп мен төмөнкүлөрдү айтар элем:

– биринчиден, окутулуучу предметтер боюнча кафедралардын тажрыйбалуу мугалимдеринен түзүлгөн жумушчу топторду уюштуруу;

– экинчиден, жумушчу топтордун алдына конкреттүү маселелердин чечилиши жөнүндөгү пландын аткарылышын бекитүү;

– үчүнчүдөн, жумушчу топторду бардык керектүү маалыматтар жана каражаттар менен камсыздоо;

– төртүнчүдөн, жумушчу топторго кирген мугалимдердин окуу жүктөмү 1 ставкадан ашпоосун көзөмөлдөө;

– бешинчиден, жумушчу топторго кирген мугалимдерге финансылык жактан жардам көрсөтүү.

Кыргыздар айтышат: «учкашпа, учкашкан соң мушташпа» деген сыңары киририн кирдик, эми артка жол жок сыяктуу. Мүмкүн бул абдан туурадыр, заманбап маселелердин биридир. Кептин төркүнү эми ушул процесстин туура иштелип кетишинде болуп жатат. Болон процесси салттуу окутуу формаларынан кескин өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган окутуу формасы

болуп эсептелет. Мында негизги көңүл ар түрдүү компетенцияларга бурулган. Атап айтсак: жалпы, жекече, социалдык-өздүк жана профессионалдык компетенциялар. Компетенцияларга тиешелүү предметтерди окутуунун технологиялары жок. Андыктан биринчи кезекте жогоруда айтылган жумушчу топтор ушул көйгөйлөрдү чечишсе, бакалавриаттарды окутуу сапаттуу деңгээлде болмок. Азыркы абалыбызга карата Болон процессибизге баа бере турган болсок мактана турган эч нерсе кылынбагандыгын тана албайбыз. Себеби атына заты жараша тургандай конкреттүү иш чаралардын аткарылгандыгын көрбөй жатабыз. Баягы эле эски технологиялар, баягы эле салттуу окутуунун методикалары колдонулуп келет, анда эмне үчүн Болон процессине өттүк деген суроо мээни эзет да турат. Мына ушул жагдайлардан караганда Болон процессине өтүү үчүн адегенде ага керектүү даярдыктарды ишке ашырып алсак болот эле. «Айта берсе арман көп» дегендей «Болон процессибизге» карата айтыла турган сөздөрдүн баары али алдыда.

Бизди таң калдырган нерселер абдан көп. Мисалы: окуу группалары мурдагыдай эле 25÷30 студенттерден түзүлгөн. Ойлоп көрүңүз 50 минут ичинде мынча студент менен практикалык, лабораториялык же семинардык сабактарды сапаттуу деңгээлде өтүүгө мүмкүнбү? «Өтүгүң тар болсо, дүйнөнүн кеңдигинен не пайда» дегендей Болон процессине зарыл жана керектүү окуу-усулдук каражаттардын жетишсиздиги дагы бир жолу бул процесстин биз үчүн азырынча эртерээк экендигинен кабар берип тургандай.

Жогорку окуу жайлардын окутуучуларынын көпчүлүгү Болон процесси заманбап шарттарына ылайыктуу, бирок ага өтүү механизмдери өтө начар жүргүзүлүп жаткандыгын айтып жатышат. Кыскасын айтканда жогоруда белгиленген материалдык кыйынчылыктардын тез арада чечилиши Билим жана илим министирлигинин, ошондой эле жогорку окуу жайларынын приоритеттүү маселелери экендигин окуу жайлардын окутуучулар жамааты бир ооздон талап кылышууда. Мында биз материалдык кыйынчылыктардын бир азын гана көрсөттүк, ал эми көрсөтүлбөгөндөрү андан көп экендиги эч кандай деле талаш туудурбас чыгар. Бул макалада айтайын дегенибиз: Болон процессине өтөрүн го өттүк, ошондуктан анын принциптери толук иш жүзүнө ашырылгыдай бардык аракеттерди жоопкерчилик менен аткарсак.

Илгери СССР атттуу мамлекеттин «бардык өлкөлөрдүн пролетарлары бириккиле» деген абдан бир жакшы ураны бар эле. Ошонун сыңарындай Кыргызстандын бардык жогорку окуу жайларынын окутуучулары биригип, жогорудагы көйгөйлөрдү чечип алсак, өлкөбүз үчүн, анын келечеги болгон жаштар үчүн эбегейсиз зор иштер жасалмак. Ошондо гана формалдуу Болондук процесстен конкреттүү, атына заты жарашкан Болондук процесске өтөт элек.

Болондук процесске өтүүдөгү материалдык кыйынчылыктар менен катары моралдык кыйынчылыктар жөнүндө дагы айта кетпесек болбойт.

Болон процессине өтүү окутулуучу предметтерге бөлүнгөн сааттардын эки эседен ашык кыскарылышына алып келгендигин билебиз. Ал эми предметтерге тиешелүү окутулуучу материалдар жаңы түзүлгөн мамлекеттик

стандарттарда мурунку стандарттардан ашса, ашат, бирок кем эмес. Бул жагдай окутуучулар үчүн дагы жана студенттер үчүн дагы оорчулуктарды жаратууда.

Салттуу окутуу процесстеринде сабактын узактыгы 80 минута эле, эми ал 50 минута менен алмаштырылды. Окутуучулар бул өзгөчөлүккө карата дагы бир топ ыңгайсыздыктарды баштарынан кечиришүүдө.

Бизге жеткен маалыматка таянсак, Болон процесси окутуучулардын окуу жүктөмү эки эсеге жакын кыскарышына алып келмек. Чындыгында ал мурунку жүктөмдөрдүн эле деңгээлинде калгандай. Эгерде бир аз гана айырмаларды эске албасак. Ушул жагдайлардан караганда, мындай бир суроолор пайда болуп жатат:

- деги Болондук процесс деген эмне;
- группалар канча студенттен түзүлөт;
- окутуучулардын окуу жүктөмдөрү канча саатка барабар;
- окутуучулардын функционалдык милдеттери ж.б.у.с.

Эмне үчүн бул суроолор пайда болуп жатат, анткени бир жылдан ашык убакыт өткөнүнө карабастан кайсы бир сааттар улам бир жаңы өзгөрүүлөргө дуушар болуп жатат. Мисалы: студенттердин өз алдынча ишин көзөмөлдөөгө жана билим рейтингин аныктоого бөлүнгөн сааттар.

Ушул сыяктуу күмөн туудурган суроолорго жооп алуу үчүн окутуучуларды командировкаларга жиберүү, же Болондук процесстин толук кандуу материалдары менен камсыздоо жагы каралса дейбиз. Антпесе бул процесс салттуу окутуу формаларынын принциптеринен анча деле айырмасы жоктой. Андай болсо орустар айткандай «стоило ли шило на мыло менять» дегендей кеп болуп жатпайбы?

Болондук процесске өтүүдө сааттардын кыскарышы албетте, сөзсүз түрдө окутуучулардын кыскарышына жана алардын ставкаларынын азайышына алып келүүдө. Бул өтө оор социалдык маселе, бирок муну чечүүгө болот, эгерде Болондук процесстин принциптерин жана нормаларын сактасак. Тилекке каршы ЖОЖдордун атка минерлери акча каражаттарын үнөмдөйбүз деп өз билгендерин жасап жатышат. Болондук процесс деген эле аты болбосо, анын анык заты, жыты жок десек жаңылбайбыз. Ошондуктан айтарыбыз: Болондук процесске кирбеш керек болчу, бирок кирдик. Демек, киргенден кийин окутуунун Болон процессине тиешелүү принциптерин жана нормаларын так аткаралы. Мына ошондо гана өз милдеттерибизди туура профессионалдык деңгээлде аткарып жатабыз десек болот. Эл алдында, студенттердин (бакалавриаттардын) алдында жүзүбүз жарык ишибиз жемиштүү болмок.

Россия Федерациясындагы жана Казахстан мамлекетиндеги көптөгөн жогорку окуу жайлар Болон процессине өтүп жатышат. Ал мамлеккеттерде окутуунун жаңы принциптерине негизделген окуу китептери, окуу-усулдук пособиелер жана электрондук китепчелер абдан көп чыгып жатат. Анткени мамлекет тараптан бул иштерге көзөмөлдүк катуу жүргүзүлүүдө, ошону менен бирге окуу китептерди чыгарууну финансылоо чаралары абдан жакшы жолго коюлган. Бизде деле министрлик жана ЖОЖдордун администрациясы

тараптан ар кандай иштер уюштурулуп жаткандыгын тануугa болбойт. Болон процессинин кредит технологиялары жана компетенциялары боюнча бир нече семинарлар, тренингдер өткөрүлдү. Тегерек үстөлдөр уюштурулду. Мунун баары жакшы, бирок «миң уккандан бир көргөн артык» демекчи, Болон процессинде шакардай кайнаган европалык ЖОЖдорго барып, алардан тажрыйба алып келсек кандай гана жакшы ийгиликтер жарала тургандыгы айтпаса да түшүнүктүүдүр.

Биздин Билим жана илим министрлигинин кызматкерлери жана ЖОЖдордун атка минерлери командировкаларга өзүлөрү эле бара бербестен, катардагы окутуучуларды активдүү тартышса дейбиз. Себеби Болон процессинин принциптеринин аткарылышына биринчи кезекте окутуучулар жоопту. Азыркы учурда Болон процессине карата мугалимдерге абдан эле көп талаптар коюлуп жатат. Чынын айтыш керек, ал талаптардын бардыгы эле тиешелүү нормаларга ылайыктуу аткарылып жаткан жок. Буга ар кандай объективдүү жана субъективдүү себептер таасир берүүдө. Ошого карабастан Болон процессин өздөштүрүүдө көз жылытарлык иштердин аткарылып жаткандыгын дагы тануугa болбойт.

«Башкасын коюп Манасты айт» дегендей тил маселесине токтолуп кетпесек болбойт. Окууга кабыл алганда студент менен түзүлгөн келишимде анын кайсы тилде билим ала тургандыгы көрсөтүлөт. Ошого карата кыргызча жана орусча ж.б. тилдерде окуй турган топтор түзүлөт. Тилекке каршы 1-курстан баштап эле бул келишимдер бузулуп жаткандыгына күбө болуп жатабыз.

Бул студенттерге карата жасалган туура эмес иштер деп билүү керек. 2-3 курстарда окуган студенттер тараптан наразычылыктар көбүнчө тил маселесине карата болуп жатат. Ошондуктан алардын койгон талаптарына көңүл буруу биздин милдет. Мындай наразычылыктар башка курстарда да жок эмес. Кыргыз группаларына мүмкүн болушунча бардык предметтер боюнча кыргыз тилинде лекциялардын, практикалык жана семинардык сабактардын өтүлүшүнө көңүл бурулушу тийиш. Ошону менен эле бирге кыргыз тилинде жазылган окуу куралдарынын аздыгы дагы көңүлдүн борборунда болушу абзел. Ушул көйгөйлөрдү чечүүдө бардык окутуучулар өз салымдарын кошушса өтө зор ийгиликтерге жетүүгө болору күмөн туудурбайт.

Иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзгүлө деп сайрап келатканыбызга 20 жылдан ашуун убакыт өттү, бирок алгылыктуу деле иштер жасалган жок. Анан кантип кыргыз тили өнүгөт, анан кантип келечек муундарга өз эне тилинде сапаттуу билим берүүгө жетишебиз. Мындай маселелерди чечүүнү жогору жактагылар (министрликтер, ректораттар) төмөн жактагыларга (факультеттерге, кафедраларга) тапшырып келе жатышат, ал эми төмөн жактагылары финансыга байлагыштуу кыйынчылыктарга шылтоолоп жарытылуу деле иштер аткарылбай келет. Минтип олтурсак өлкөбүз чала сабаттуу адамдарга тез арада эле толуп кетиши мүмкүн. Ансыз деле СССР мамлекети ыдырагандан бери карай билим жана илим тармагы аябагандай оор кыйынчылыктарга дуушар болууда.

СССРдин курамындагы 70 жыл ичинде жетишкен ийгиликтерибиз четинен чертилип, кемип кетип баратат. Дагы бир 20 жылдай убакыттан кийинки абалды айтуудан да коркосуң. Анткени эл-журт үчүн негизги, приоритеттүү делген маселелерге мамлекет тараптан жетиштүү деңгээлде көңүл бурулбай жатат. Эгерде бул иштерге мындан ары карай дагы ушундай мамилелер улантыла бере турган болсо, анда кыргыз элинин келечеги өтө оор акыбалга кептелери бышык.

Бул макалада Болон процессине өтүүдөгү кээ бир материалдык, моралдык жана тилге байланыштуу кыйынчылыктар бир аз болсо да белгиленди. Аларды жоюунун кээ бир аспектилери көрсөтүлдү. Министрликке жана ректораттарга карата сын пикирлер айтылды.

Урматтуу, коллегалар, жогору жактагылар эмне дейт деп олтура бербей, белгиленген көйгөйлөрдү чечүүгө бүт баарыбыз белсенип киришелик. Ошондо гана билим жана илим тармагын өнүктүрүүнүн чыныгы элдик патриоттору боло алабыз. Ошондо гана эл астында жүзүбүз жарык болот.